Cооронбаева К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

**ОРУС ТАЙПАЛАРЫНДА КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА ООЗЕКИ РЕЧКЕ ҮЙРӨТҮҮ**

Тил үйрөнүү, баарынан мурда ошол тилдин күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп жүргөн активдүү лексика-лык каражаттарын өздөштүрүүдөн башталат. Студенттин канчалык сөз байлыгы көп жана ар түрдүү болсо,ал ошончолук өз пикирин жакшылап түшүндүрүү, сүйлөмдөрдү туура куруу жөндөмүнө ээ болот. Ошондуктан студенттин лексикалык запасын байытуу максатын көздөп, ар бир сабак сайын аларды эң кеминде 10 дон 20га чейинки жаңы сөздөрдү өздөштүрүүсү жана өздөрүнүн речинде активдүү колдоно билүүсү үчүн тынымсыз кам көрүү керек.

Оозеки речти өстүрүү программада жогорку орунду ээлейт. Кыргыз тилинде сүйлөө, речти түшүнүү үчүн студент кыргызча сүйлөөнүн, сүйлөм түзүүнүн, башкача айтканда, сөздөрдү бири-бири менен туура айкалыштыруунун көндүм-дөрүнө ээ болуш керек. Окутуунун биринчи күнүнөн баштап студенттер кыргыз тилинин татаал тыбыштарын, сүйлөө органдарын туура иштетип, туура айтууга жана кабыл алууга, сөздөргө басымды туура коюп айтууга машыгышат. Бул көндүмдөрдү өркүндөтүү, өстүрүү жогорку окуу жайларында баштапкы этапта бардык тайпаларда жүргүзүлөт.

Кыргыз тилин жаңы үйрөнө баштаган студенттерге грамматиканы чечмелеп окуунун кажети жок. Ж.Мамытов, Н.Бейшекеев, Т.Ашырбаев тарабынан түзүлгөн жогорку окуу жайларынын кыргыз тилин жаңы үйрөнө баштаган студенттери үчүн программасында грамматикалык материалдын окутулушу оозеки речти өстүрүүгө,акыры аягында кыргызча туура сүйлөй жана жаза билүүгө жетишүүгө багындырылган.

Речти өстүрүү сөз,сөз айкашы жана сүйлөм байланыштуу речь деңгээлинде жүргүзүлөрү белгиленген. Програм-мадагы материал ушул багыттын ар бири боюнча усулдук бай ыкмаларды колдонууга мүмкүндүк берет.

Речти өстүрүүдө сүйлөмдүн мааниси талашсыз. Сүйлөм менен иштөө дээрлик баардык сабактарда жүргүзүлөт. Сүйлөмдүн түрлөрүн, түзүлүшүн керектүү грамматикалык негизде түшүндүрүү зарыл. Сүйлөм сөз өзгөртүүнү ой өстүрүү менен бирдей жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Сүйлөмдөр менен иштөөдө **тууроочу, түзүүчү** жана **чыгармачыл** көнүгүүлөрдүн ар кандай түрлөрү колдонулат. Тууроочу жана түзүүчү көнүгүүлөр үлгү же грамматикалык эреже менен шартталат, ал эми чыгармачыл көнүгүүлөр студенттердин эркин ой жүгүртүүсүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Кыргыз тилин жаңы үйрөнүп жаткан студенттерге чыгармачыл көнүгүүлөр татаалдык кылат, бирок аларды билгичтик менен колдонууга болот.

Ар бир сабакта студенттер жаңы сөздөр менен таанышат, мурунку сабактарда өздөштүрүлгөн сөздөрдү кайталашат,аларды типтүү сүйлөмдөрдү түзүүдө колдонушат. Тигил же бул сөздүн маанисин кызыктуу кылып түшүндүрүүнү мугалим өзү ойлоп табышы керек. Алгачкы учурда сөздүн маанисин көрсөтмөлүү түшүндүрүп, орусча которууга болот. Сөздүн маанисин кыргызча баяндап, сино-нимдерди, антонимдерди колдонуп түшүндүрүүгө да болот.

Бардык сабактарда речти өстүрүү мугалимдин көңүлүнүн борборунда болушу зарыл. Студенттердин речин өстүрүүдөгү ийгилик көбүнесе мугалим-дин речине жараша болот. Мугалим түшүнүксүз татаал конструкцияларды кыргызча сүйлөбөшү керек. Мугалим студенттердин активдүүлүгүн көтөргөн ар түрдүү усулдарды колдонгондо гана кыргызча практика жүзүндө сүйлөй билүү милдети толук чечилет.

Студенттер ар бир сабакта мүмкүн болушунда көбүрөөк сүйлөп, суроо коюп,жооп берип, өзү

көргөн, билгени жөнүндө айтып бериши керек. Бул максатты ишке ашыруу үчүн кыргыз тилинде оюндарды, кечелерди өткөрүү, кыргызча ырдоону, окууну жана башка ыкмаларды пайдаланышат. Адамдардын оозеки байланышы диалог түрүндө жүргүзүлөт. Диалог болсо жооп берүүчү өзү суроо бере алганда гана толук деңгээлде ишке ашат. Ошондуктан студенттерди биринчи эле сабактан баштап,суроо жооп берүүгө да,суроо коюга да үйрөтүү маанилүү. Бара-бара суроолор татаалданат, жооптор толугураак берилет. Студенттерди суроолорго толук жооп берүүгө, мурун үйрөнгөн сүйлөмдөрдү кийинки сабактарда пайдалана билүүгө, ал сүйлөмдөрдөн байланыштуу аңгеме түзүүгө үйрөтүү пайдалуу.

Окутуунун оозеки түрлөрү студент-тердин ойлоо сезимдерин козгойт, сабактарга ачык сезимдүүлүктү киргизет, акырында барып сабактын натыйжалуулугун көтөрөт, чыгармачы-лыкка тартат. Типтүү сүйлөмдөр менен иштеп жатып тыбыштарды туура айтуу, интонацияны туура колдонуу жөнүндө кыска көрсөтмөлөрдү берип, дароо эле ал көрсөтмөлөр боюнча көнүгүүлөрдү жасоо зарыл. Туура айтуу, эреже катары, туурап кайталоо жолу менен жетишилет. Мында түшүндүрүү менен көрсөтүү колдонулат. Мисалы: Кыргыз эмес улутундагы студенттер үчүн татаал тыбыштарды айтууга үйрөтүүдө дайыма фонетикалык көнүгүүлөрдү өткөрүү керек.

I курстун студенттерин оозеки метод менен окутканда ар бир сабакта берилүүчү жаңы материалдын санын так чектөө зарыл. Окутуунун I семестринде ар бир сабакта 8-10 сөз, 5 типтүү сүйлөм берүүгө болот. Албетте, бир сабакта берилүүчү жаңы сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн саны мындан аз же көп болушу ыктымал. Ал сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө, сабактын мазмунуна, мурунку сабакта алынган даярдыкка, кийинки сабактарда бышыктоону улантуу мүмкүнчүлүк-төрүнө жана башка көп факторлорго байланышат.

**Адабияттар**

1. Добаев К., Андабекова Ж., Молдоев А. Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун усулу. – Каракол, 1992.

2. Орус тилиндеги мектептерде кыргыз тилин окутуунун жолдору. –Пржевальск, 1989.

3. Жусаев Ж., Карабекова А., Молдоев А. Кыргыз тили. – Бишкек: Мектеп, 2000.

4. Биялиев К. Кыргыз тили. –Бишкек, 2002.

5. Шамбаева Б.С. Кыргызча окуп сүйлөшөлү. –Бишкек, 2006.